Өткөн күндөр артта калат түнөрүп,
Бул жашоодо эч ким калбайт түбөлүк.
Кудай берген тирүүлүктө аз күнчө,
Аман-эсен жүз көрүшүп жүрөлүк.

КӨКТӨМДҮН БИР КҮНҮ

Күн бүркөлүп, аба ырайы бузулуп,
Бороон каптап, кум, топурак учуруп...
Жамандыгы өтөр-кетер бул күндүн,
Адам пейли кетпесе экен кутуруп.

Жамгыр-жаан борошолоп куюлуп,
Болгонсуду акыр заман туюлуп...
Өтөр-кетер убактылуу бу дагы,
Калбаса экен адам жолдон буюгуп.

Күн ачылды, кара булут суюлуп,
Нуру түштү жер бетине куюлуп.
Жамандыктын баары кетти заматта,
Бүт ааламга толуп чыгып сулуулук.

Көктөгү күн көркүн ачты көктөмдүн,
Карегинде сүрөт болуп көздөрдүн.
Жашоо берип жандууларга мээрими,
Улуу күндү ойлоп мен да өзгөрдүм.

БАЛАМА НАСААТ

Адамдыктын салмагы акылында,
Баккан малдын салмагы акырында.
Түз жүрбөсөң туура айтып, калыс сүйлөп,
Басып кетет тескери жакының да.

Улууларды ызаатта урмат кылып,
Кызматыңды көрсөткүн сыйлап туруп.
Жок болсо эгер данегиң, акылың да,
Адам кылат ким сени кыйнап туруп?

Акыл сөз бар: «Жети өлчөп, бир кес», – деген,
Ойлонгун ар бир ишти баштаганда.
Ийгиликтер эртели-кеч боло берет,
Бүтөр ишти чала таштап качпаганга.

Өмүр кызык, кандай сонун жашаган,
Өткөн күнгө баа бербейт жаш адам.
Бирок ойлон, бир жалгыздык башта бар,
Отуз уул болсоң да атадан.

...Бала бар – гүлдөп турган жемиш бүрү,
Бала бар – колундагы бакыт гүлү.
Кетсек да бул дүйнөдөн кош айтышып,
Бала бар – ошон үчүн адам тирүү.

ЖОЛУГА ТУРГАН КЕЗ КЕЛЭЭР

Өзүмө өзүм сырдашып,
Отурсам үнсүз ыр жазып,
Чөмүлүп түпсүз ойлорго,
Турганда келсең бир басып.

Асманды, жерди чабыттап,
Көңүлдү турса ой басып,
Жарк этип күлүп – жылмайып,
Жаныма келсең – ал бакыт.

Адашып далай кайыктай,
Карттанып жара айыкпай,